**“АДАШКАН ЖАМГЫР”**

Сөзү: Шайлообек Дуйшеев

Обону : Камчыбек Букалаев

Күлүгүң чапкам тулаңында.
Күүгүмдө жанган айыл кечи ай,
Күү болуп турат кулагымда.

Кайырма:
Мезгилдер өткөн жер,
Мээримин төккөн жер,
Мекеним сенсиң өскөн жер.

Кызгалдак төрүн аралагам,
Кыялым эргип сабалаган.
Айлуу түн кандай керемет ай,
Акчөлмөк ойноп тажабаган.

Кырчын кез ошол айылдагы,
Кылчайып кайра кайрылбады.
Кыйла жер алтын болсо да, ээй,
Кымбат жер сендей табылбады.

Кайырма:
Сүйкүмдүү сонун кечтеринди,
Сүйүүмдү тапкан кездеримди.
Азыр мен эстей берчү болдум,
Алыстап сенден кеткенимди.

Жолугуш үчүн шашкан сайын,

Жолуңа түшүп баскан сайын.

Мен дастан кылып ырдай берем,

Мекеним сенден башталганын.

Кайырма: